кырг
83.8
З-25

Феликс ЗАЛЬТЕН

# Бемби



kn

УДК 821.512.154-93
ББК 83.84
З-25

**Зальтен, Феликс.**
З-25 Бемби / *Котор. Н. Асанбаев* – Б.: Турар, 2023. – 24 б.

ISBN 978-9967-35-240-7

Жомок угуу менен бала өзүн курчап турган дүйнөн... карым-катнаш мыйзамдарын өздөштүрөт. Адептүүлүк, д... арамдык жөнүндө билет. Жомоктордо дайыма оң жана те... жамандыктын күрөшү жүрөт жана жомоктордун сон... иллюстрациялар менен коштолгон, эң популярдуу жомо... сериясынан жомокчу Феликс Зальтендин «Бемби» жомог...

38362 б/ф

РБДЮ им. К. Баялинова
Инв № 38362 б/

РБДЮ им. К Баялинова
БАЛАЛЫК

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

ISBN 978-9967-35-240-7

© «Турар» басмасы, 2023

Кыргыз Респ. ...икасынын
...сы

Күндөрдүн бир күнүндө, калың токойдун арасында бир өзгөчө чаарчык туулуптур. Бул Бемби аттуу жаш ханзаада болчу. Кийин убагы келгенде токойдогу бардык эликтердин башчысы болмок.



Кырг 83.8 3-25



Шалбаадан Бемби Фалин аттуу татынакай кыз чаарчыкты жолуктурду. Алгач Бемби андан чочуркаганы менен, бара-бара экөө аябай ынак болуп кетти. Алар шалбаада аябай көңүлдүү убакыт өткөрүштү. Бир маалда жакын жерден аябай катуу үн угулду. Баары тең коркконунан качып жөнөдү.





Фалин менен Бемби ажырап кетти. Бемби менен апасы токойду аралай чуркады. Эликтердин баары токой аралап, коркунучтуу «КИШИДЕН» алыс качышты. Жанагы үн мылтыктын үнү болчу. Токойдогу жаныбарлардын баары аябай коркуп калды.





Бирок, көп өтпөй Бемби үчүн да, башка жаныбарлар үчүн да кыйынчылык башталды. Себеби, жердин баарын калың кар каптап, чөптөрдү басып калды. Жегенге бактардын кабыгынан башка эч нерсе калган жок. Бир күнү Бемби баягы коркунучтуу үндү дагы укту. Апасы: «Бемби, кач! өзүңдү сакта!» – деп кыйкырды. Бемби качып жөнөдү. Бирок, апасы кача алган жок. Ал өлүп калды.





Бемби бул жолу Токойдун Улуу Ханзаадасын көрдү. Ал Бембини сооротkусу келди. Бирок: «Эми апаң сени менен болбойт. Сен жалгыз жүргөндү үйрөнүшүң керек», – деди. Бемби анын сөзүн угуп, жалгыз жашаганды үйрөндү. Акыры кыш да бүтүп, жаркылдаган жаз келди.





Туш тараптын баары жашылга бөлөндү. Бемби да кыйла чоңоюп калды. Эми ал кичинекей чаарчык эмес, чоң куран болду. Куран деген эликтин чоңоюп калган эркеги, телки болсо ургаачысы. Аңгыча жаз бүтүп жай келди.





Бир күнү ал Фалинге жолукту. Ал да чоңоюп татынакай телки болуп калыптыр. Экөө бири-бирин таанып, бат эле ынак болуп кетишти. Аңгыча буларга дагы бир эркек элик жолукту. Ал Фалиндин Бемби менен эмес, өзү менен дос болушун каалады.



РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 38362 б/



Ушундан улам экөөнүн ортосунда катуу кармаш башталды. Акырында Бемби бейбаш атаандашын жеңип, кубалап жиберди. Ошондон кийин Бемби менен Фалиндин достугун эч ким бузган жок. Арадан дагы убакыт өтүп, берекелүү күз айлары башталды.





Бир күнү Бемби кандайдыр бир жаман жытты байкап, Фалинди издеп жөнөдү. Жолдон ал Токойдун Ханзаадасына жолукту. Ал Бембиге өрт башталганын айтты. Экөө Фалинди качырып жиберип, өздөрү башкаларга кабар бергени токойго чуркашты. Бир канча убакыттан кийин өрт басылды. Бирок, токойдун бир топ жери күйүп кетти.



Баарынан кызыгы, Фалиндин жанында эки татынакай чаарчык пайда болуптур. Бемби болсо алардын жанында көкүрөгүн керип, айлананы олуттуу карап керилип турат. Ушул күндөн тартып Бемби Токойдун Ханзаадасы болуп калды.



40с

✦

**Түстүү иллюстрациялар менен коштолгон,**
**эң популярдуу жомоктордун кыргыз тилине которулган сериясы:**

| | |
|---|---|
| Джонатан Свифт | Гулливердин саякаты |
| Феликс Зальтен | Бемби |
| Редьярд Киплинг | Маугли |
| Льюис Кэрролл | Алиса укмуштар дүйнөсүндө |
| Жанна-Мари Лепренс де Бомон | Айсулуу менен Желмогуз |
| Филип Пулман | Аладдин жана сыйкырдуу чырак |
| Шарль Перро | Өтүкчөн мышык |
| Ханс Кристиан Андерсен | Түрү суук өрдөк |
| Шарль Перро | Кызыл топучан кыз |
| Карло Коллоди | Пиноккио |
| Бир тууган Гриммдер | Рапунцел |

✦

РБДЮ
38362 б/ф

Феликс ЗАЛЬТЕН

# Бемби

Которгон *Насыпбек Асанбаев*
Редактор *Ишенбек Султаналиев*
Компьютерде калыпка салган, көркөмдөгөн *Айжамал Борисова*

Форматы 60x84 1/8. Көлөмү 3 б. т.
Нускасы 2000. Буйрутма № 2457.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.

# ЖОМОКТОРДУН ПАЙДАСЫ АЛДА КАНЧА ЧОҢ:

- Алар фантазияны, кыял күчүн, кылдаттыкты жана кеңири ой жүгүртүүнү өнүктүрөт;
- Бала жомоктогу окуяларды ээрчип отуруп мурда көрбөгөн, билбеген жерлерин, фантастикалуу окуяларды, каармандардын келбетин, көрүнүшүн кыялында жандандырат. Бул жагынан жомокторго эч бир телеберүүлөр дагы, компьютердик оюндар дагы жетпейт;
- Балдар дайыма өздөрүн оң каармандын ордуна коёт. Образга кирип, жакшы иштерди жасоону, чынчыл, кайраттуу, тапкыч болууну каалайт. Досторун жамандыктан куткарууну, алсыздарды коргоону үйрөнөт;
- Жакшы менен жаманды ажырата баштайт. Окуялар кандай гана терс өнүкпөсүн, жомоктор дайыма жакшы аяктайт;
- Багынбоону, аракет кылууну, каалаган тилегине жетүүнү үйрөнөт;
- Ар түрдүү тоскоолдуктарды ашып өтүүнү, өжөр, тапкыч болууну, аргасыз жагдайларда да жигердүү аракеттенүүнү үйрөнөт;
- Жомок окуу, же угуу аркылуу сөз байлыгы көбөйөт, баарлашуу жөндөмү жакшырат.

Жомок угуу менен бала өзүн курчап турган дүйнөнү таанып, адамдардын арасындагы карым-катнаш мыйзамдарын өздөштүрөт. Адептүүлүк, достук, эр жүрөктүк, кыянаттык жана арамдык жөнүндө билет. Жомоктордо дайыма оң жана терс каармандар бар, жакшылык менен жамандыктын күрөшү жүрөт жана жомоктордун соңу дайыма жакшы аяктайт.



Turar

9 789967 352407